«Бекитемин»

Мектеп директору_________Абдраева А.К.

«_05_» ___09_____2021-ж.

**Мектепте массалык иш-чараларды өткөрүүдө окуучулар үчүн жүрүш-туруш эрежелери, өрт коопсуздугун сактоо жана материалдык-техникалык базаны коргоо боюнча интрукциясы**

1.Окуучулар болуп жаткан иш-чарага өз убагында келишип, андан ары өз убагында кетишет.

2.Кабинеттеги столду,стулдарды биринин үстүнө бирин коюуга болбойт. Ашыкча стол, стулдарды коридордун же башка кабинеттин бир четине тыкандап жыйнап коюу керек.

3.Сабак убагында окуучулардын себепсиз басып жүрүшүнө уруксаат берилбейт.

4.Мектептин сырткы территориясында, ичинде тамеки чегүүгө, алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө тыюу салынат.

5.Ата-энелердин сабакка келип катышышына уруксаат берилет.

6.Мектептеги, класстагы иш-чараларды мектепте окубаган, тааныш эмес адамдарга катышууга уруксат берилбейт.

7. Өрттү алып келүүчү ар кандай электр тогу менен иштей турган нерселерди, химиялык башка заттарды пайдаланууга тыюу салынат.

8.Петарда,бенгал шамдарын пайдаланууга уруксат берилбейт.

9.Майрамдын ар бир катышуучусу мектептин мүлкүн сактоого милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381 токтомуна Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелери (КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 15-декабрындагы № 607 токтомунун редакциясына ылайык) 1-глава. Коргоо объектилеринин өрт коопсуздугун камсыз кылуу өзгөчөлүктөрү § 1. Коргоо объектилеринин өрт коопсуздугунун жалпы талаптары 1. Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелери (мындан ары - Эрежелер) өрт коопсуздугун камсыз кылуу максатында жеке жана юридикалык жактардын жүрүш-туруш эрежелерин, өндүрүштү уюштуруу жана (же) уюмдардын, турак-жай фондунун жана башка объектилердин (мындан ары - коргоо объекти) аймактарын, имарат-жайларын күтүү тартибин белгилөөчү, өрткө каршы ченемдердин талаптарын камтыйт. Ушул Эрежелердеги колдонулган негизги түшүнүктөр "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" жана "Өрт коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн мааниде колдонулат. Өрт коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук негизи болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы мыйзамдары, ушул Эрежелер жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу тармагын жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылар, ошондой эле объектилерди долбоорлоодогу жана куруудагы ченемдер жана эрежелер жана алардын өрт коопсуздугуна коюлуучу талаптары болуп саналат. 2. Коргоо объектилерин менчиктөө укугу менен башка мыйзамдуу негизде пайдаланып жаткан (жеке ишкерлер) уюмдун жетекчиси (башка ыйгарым укуктуу кызмат адамы) (мындан ары - уюмдун жетекчиси) ар бир коргоо объектисине (жеке турак үйлөрдү кошпогондо) карата ушул Эрежелердин талаптарына ылайык, анын ичинде өндүрүштүк жана кампа багытындагы ар бир жарылуу, өрт коркунучу бар жайлар үчүн өзүнчө өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө ушул Эрежелердин 3-тиркемесине ылайык нускаманы бекитет. 3. Менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин жетекчилери жана кызмат адамдары төмөнкүлөргө милдеттүү: 1) өзүнө караштуу мекемелердин коргоо объектилеринде бардык инженертехникалык кызматкерлер, кызматчылар жана жумушчулар ушул Эрежелерди үйрөнүүсүн жана аткаруусун уюштурууга; 2) коргоо объектисинде ыктыярдуу өрт өчүрүүчү кошуунду уюштурууга жана ички буйрук менен анын аткаруучу ишин бекитүүгө; 3) ушул Эреженин 6-тиркемесине ылайык коргоо объектисинде өрт-техникалык минимум боюнча өрткө каршы нускама жана сабак өткөрүүнү уюштурууга; 4) өндүрүштүк, административдик, кампа жана көмөкчү жайларда өрткө каршы катуу режим орнотууга (тамеки чегүүчү жерди аныктоого жана жабдууга, бир жолку сакталуучу сырьёнун жана даяр продукциянын жайгаштырылуучу жерин жана жол берилген өлчөмүн аныктоого, от менен аткарылуучу иштердин так тартибин, иш бүткөндөн кийин имарат жайларды карап чыгуунун жана жабуунун тартибин орнотууга) жана бардык жумушчулар жана тейлөөчү адамдар тарабынан бул талаптардын өтө катуу сакталышын дайыма көзөмөлгө алууга; 5) иш аяктагандан кийин, ушул Эрежелердин 9-тиркемесинде келтирилген журналды жүргүзүү менен ар түрдүү функционалдык дайындоосундагы бөлмөлөрдү карап чыгуу жана жабуу тартибин аныктоого; 6) мезгил-мезгили менен коргоо объектисиндеги өрт коопсуздугунун абалын, өрткө каршы күрөш жүргүзүүчү техникалык каражаттардын оң болушун, объектидеги өрт жагынан коргонуунун жана ыктыярдуу өрт өчүрүүчү дружинанын күжүрмөндүгүн текшерип турууга жана алардын ишин жакшыртуу боюнча зарыл чараларды көрүүгө жана ушул Эрежелердин 8-тиркемесиндеги келтирилген журналга жазуу менен; 7) коргоо объектисин ушул Эрежелердин 7-тиркемесине ылайык белгилер менен камсыз кылууга. 4. Уюмдун жетекчиси өрт өчүрүүчү автомобилдерди өрт өчүрүү депосундагы жылуулук, электр менен жабдуу, телефон байланышы, бекем полу бар, дарбазасы жылытылган, өрттөн коргоочу жеке курамдын ишинин кадыресе жана коопсуз шарттарын камсыз кылууда ушул максат үчүн салынган зарыл болгон башка

жасалгалары жана жабдуулары бар атайын бокстарда кармоону камсыз кылат. 5. Уюмдун жетекчиси өрт өчүрүүчү автомобилдердин жана мотопомпалардын, ошондой эле өрт өчүрүү үчүн ыңгайлаштырылган (кайра жабдылган жабдуулар) техниканын оң абалда болушун камсыз кылат. 6. Уюмдун жетекчиси өрт өчүрүүчү үчүн жабдылган (кайра жабдылган) ар бир мотопомпа жана техника менен иштөө үчүн атайын даярдыктан өткөн мотористти (айдоочуну) бекитүүнү уюштурат. 7. Өрт коопсуздугунун чаралары боюнча окуудан өтүп келген адамга гана коргоо объектисинде иштөөгө жол берилет. Өрт коопсуздугунун чараларын адамдарга окутуу, өрткө каршы инструктаж өтүү жана өрт өчүрүү-техникалык минимумдан өткөрүү жолу менен ишке ашырылат. Өрткө каршы инструктаж өткөрүүнүн жана өрт өчүрүү-техникалык минимумунан өтүүнүн тартибин жана мөөнөтүн уюмдун жетекчиси аныктайт. 8. Инженер-техникалык кызматкерлерди, кызматчыларды жана жумушчуларды өрткө каршы даярдоо өрткө каршы инструктаждан (биринчи жана экинчи) жана өрттехникалык минимум боюнча сабактардан турат. 9. Өрт-техникалык минимум боюнча коргоо объектилеринде өрткө каршы инструктаж жана сабак өтүү үчүн зарыл болгон көрсөтмө куралдар (плакаттар, схемалар, макеттер), ошондой эле өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарынын баардык түрлөрүнүн, өрт шаймандарынын жана коргоо объектисине орнотулган өрт байланышынын баардык үлгүлөрү менен жабдылган жайды бөлүп берүү зарыл. 10. Өрт-техникалык минимум программасын өтүп бүткөндөн кийин жумушчулар менен кызматчылардан зачеттор алынууга тийиш. Өрт-техникалык минимум боюнча өткөрүлгөн зачѐттордун натыйжасы ушул Эрежелердин 6-тиркемесинде келтирилген журналдарда жазылат. 11. Кампаларда, өндүрүштүк, административдик жана коомдук жайларда заттар менен материалдар ачык сакталган, ошондой эле технологиялык орнотмолор жайгашкан жерлерде уюмдун жетекчиси өрт өчүрүү чөйрөсүндө иштеген ыйгарымдуу мамлекеттик органды чакыруу үчүн телефондун номери жазылган тактачанын болушун камсыз кылат. 12. Адамдар түнкүсүн боло турган коргоо объектилеринде (анын ичинде мектепинтернаттарда, социалдык жактан тейлөөчү уюмдарда, карылар үйлөрүндө, балдар үйлөрүндө, мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарда, ооруканаларда жана балдар жайкысын эс ала турган объектилерде) уюмдун жетекчиси тейлөөчү адамдардын сутка бою кезметчилигин уюштурат. 13. Адамдар түнкүсүн боло турган коргоо объектисинде уюмдун жетекчиси төмөнкүлөрдү камсыз кылат: 1) күндүз жана түнкүсүн өрт чыккан учурда тейлөөчү адамдардын аракеттенүү тартиби жөнүндө инструкциянын, телефон байланышынын, электр фонарларынын (ар бир кезметчиге 1ден кем эмес фонарь), өрттөн улам уу заттардын чыгышынан адамдын дем алуу жана көрүү органдарын жекече коргоо каражаттарынын болушун; 2) өрт өчүрүү жагынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмчөлөрүнө түнкүсүн адамдар болгон коргоо объекти жайгашкан жердеги адамдардын саны жөнүндө маалыматты (анын ичинде түн ичиндеги, дем алыш жана майрам күндөрүндө) берүүнү (күн сайын). 14. Уюмдун жетекчиси тышкы өрт шатыларынын жана имараттар менен курулуштардын чатырларындагы (үстүндөгү) тосмолордун оң абалда болушун камсыз кылат, техникалык документтерге же андай буюмдардын паспортуна ылайык өрт шатыларын жана чатырдагы тосмолорду эксплуатациялык сыноодон өткөрүүнү 5 жылда 1 жолудан кем эмес уюштуруп, мындай сыноолордун тийиштүү протоколун түзөт, ошондой эле адамдарды бийиктен куткаруу каражаттарынын абалын мезгил-мезгили менен текшерүүдөн өткөрөт. § 2. Коргоо объектилерининин аймагынын өрт коопсуздугу 15. Ишканалардын, уюмдардын, турак үйлөрдүн жана башка объектилердин аймагы, ошондой эле алардын айланасындагы аймак дайыма таза кармалууга жана системалуу түрдө өндүрүш калдыктарынан, күйө турган таштандылардан, түшкөн жалбырактардан жана кургак чөп-чардан тазаланууга тийиш. Кайра колдонууга болбой турган өндүрүш калдыктары менен ороп-таңгактоочу материалдар дайыма атайын бөлүнгөн жерге чыгарылып жана өз учурунда ташылып кетүүгө тийиш. 16. Баардык имарат-жайларга, өрт учурунда суу ала турган жерлерге эркин кирипчыгуу камсыз кылынууга тийиш. Жолдун абалы атайын өрткө каршы автотранспорт

каражаттарынын өтүшүнө тоскоолдук кылбоого тийиш. Имараттарга, курулуш жайларга жана өрт учурунда суу алынуучу жерлерге, ошондой эле өрт өчүрүүчү шаймандарга жана жабдууларга, өрт тууралуу кабар берүүчү каражаттарга жана стационардык өрт шатыларына бара турган жолчолор (жылдын баардык мезгилинде) дайыма ачык болууга жана түнкүсүн жарык берилүүгө тийиш. Өрт техникасы жайгашкан жерлерге шлагбаумдарды, бордюрларды коюуга, металл тосмолорду орнотууга, атайын автотранспорт каражаттарынын өтүшүнө тоскоол болбой, жолду тарыткан тосмолорду коюуга тыюу салынат. Өрт автотехникалары үчүн жолдордун талаптары шаарларды жана шаар тибиндеги калктуу пункттарды пландаштыруу жана куруу боюнча курулуш ченемдери менен аныкталат. (КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 15-декабрындагы № 607 токтомунун редакциясына ылайык) 17. Имарат-жайлардын жана курулуштардын ортосундагы өрткө каршы ачык жерди, өрт-куткаруу техникасын орнотууга ылайыкталган бурулуп кетүүчү жана атайын аянттарды, материалдарды, жабдууларды жана ар кандай идиштерди жыйноо үчүн унааларды токтотуу жана имарат-жайларды (орнотмолорду) куруу үчүн, от жагуу жана таштандыларды жана идиштерди жагуу үчүн пайдаланууга тыюу салынат. 18. Жолдорду же өткөөлдөрдү ондоо, аларды жабуу менен байланышкан иштерди жүргүзгөн учурда ондоо (курулуш) иштерин жүргүзгөн уюмдун жетекчиси өрт өчүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бөлүмчөсүндө мындай иштерди жүргүзүүнүн мөөнөтү жөнүндө тийиштүү маалымат берет жана айланып өтүүчү жолдун багытын көрсөткөн белгилерди коѐт же оңдолуп жаткан жолдор менен өткөөлдөр аркылуу өтүүчү жолчолорду жасайт. 19. Объектилердин ичи менен өткөн өткөөлдөр жана темир жолдор өрт өчүрүүчү автомобилдердин өтүшүнө тоскоолдук кылбагандай болууга жана темир жолдун деңгээлинде туташ төшөлмөлөр салынууга тийиш. Өткөөлдөрдүн саны экиден кем болбоого тийиш. Өткөлдөөргө локомотивдерсиз вагондорду токтотууга тыюу салынат. 20. Коргоо объектисининин жарылууга коркунучтуу аралашма топтолуп калышы мүмкүн болгон участкаларында транспорт каражаттарынын өтүшүнө тыюу салынат. Бул турасында тийиштүү белгилер жана жазуулар коюлууга тийиш. 21. Жарылуу жана өрт коркунучу болгон коргоо объектилерининин аймагында (эгерде бул өндүрүштөгү технологиялык процесске байланышпаса), ошондой эле күйүүчү материалдар сакталган жана кайра иштетилген жерлерде ачык от жагууга тыюу салынат. 22. Имараттардын (жайлардын) подвал жана цоколь кабаттарынын терезелеринин жарык түшкөн жерлери таштандыдан жана ар кандай буюмдардан тазаланууга тийиш. 23. Лак, сыр материалдары салынган идиштер имарат жайдан 20 метрден кем эмес аралыкта жайгашкан атайын аянтчаларда сакталууга жана капкактары жылчыксыз жабылууга тийиш. 24. Отунду короодо убактылуу сактоого уруксат берилет, ал имараттардан өрт гидранттарынан жана суу көлмөлөрүнөн 5 метрден кем эмес алыстыктагы атайын бөлүнгөн жерге жайгаштырылышы керек. 25. Коргоо объектисининин аймагында атайын бөлүнгөн жерде гана тамеки чегүүгө уруксат берилет, андай жер урналар, суусу бар идиштер менен жабдылууга жана аларга тийиштүү жазуулар жана белгилер коюлууга тийиш. Тамеки чегүүгө тыюу салынган аймакта көрүнүктүү жерлерге тыюу салган жазуулар же белгилер илинип коюлат. 26. Токойлуу жерде жайгашкан калктуу пункттардын айланасында тийиштүү ишчаралар аткарылышы керек. Мындай жерде токойдон же чым-көңгө айланган жерден чыккан өрт имарат-жайларга жетпегидей болушу керек (өрткө каршы коргой турган тилкелер жасалып, ийне жалбырактуу көчөттөр отургузулуп, жайкысын кургак чөп-чар тазаланып туруууга ж.б. тийиш). 27. Токойго (токойлуу парктарга) чейинки ар түрдүү багыттагы объектилер менен имараттардын өрткө каршы аралыктарын, чым-көңдөр иштетилген же ачык жаткан жерлердин аймагын ар түрдүү курулуштарды жана көмөкчү жайларды салууга, ошондой эле күйүүчү материалдарды, таштандыны, жыгачтын таарындыларын, курулуш жана башка күйө турган материалдарды топтоо үчүн пайдаланууга тыюу салынат. 28. Айыл-кыштактардын жана шаардын калктуу конуштарынын аймагына, ошондой эле токой массивдерине 100 метрден жакын аралыктан ачык оттун жардамы менен ысытып, бийиктикке көтөрө турган күйүүчү материалдардан

жасалган конструкциянын ичиндеги башкарылбас жасалгаларды учурууга тыюу салынат. § 3. Коргоо объектилеринин имарат-жайларынын өрт коопсуздугу 29. Коргоо объектилеринде төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) үйдүн чатырларында, подвалдарда жана цоколь кабаттарда оңой от алуучу жана тез күйүүчү суюктуктарды, дары-дармекти, жарылуучу заттарды, пиротехникалык жасалгаларды, күйүүчү газ толтурулган баллондорду, аэрозоль кутучадагы товарларды, целлулоид жана башка өрт чыгаруучу жана жарылуучу заттар менен материалдарды сактоого жана колдонууга, үйдүн чатырчаларында чым-көң, таарынды жана башка тез күйүүчү материалдарды отун катары колдонууга; 2) көлөмдүү-план чечимдерди өзгөртүүгө жана өрт өчүргүчтөрдү, өрт туткаларын жана өрт коопсуздугун камсыз кылуучу башка системаларды колдонууну чектеп же өрткө каршы коргонуунун автоматтык системаларынын (автоматтык өрт сигнализациясы, өрт өчүрүүчү стационардык-автоматтык орнотмолор, түтүн таратуучу системалар, кабар берүү жана эвакуацияны башкаруу системалары) колдонуу зонасын азайтуучу инженердик коммуникацияларды жана жабдууларды жайгаштырууга, өрттү автоматтык кабарлоочуларды сырдоого же кагаз жабыштырууга; 3) бензинди, керосинди жана башка тез от алуучу жана күйүп кетүүчү суюктуктарды колдонуу менен имарат-жайларды тазалоого жана кийимдерди жууп-тазартууга, ошондой эле жалын чыгарган лампалар жана ачык отту колдонгон башка ыкмалар менен тоңуп калган түтүктөрдү жылытууга; 4) изоляциясы бузулганы көрүнүп турган электр зымдарын жана кабелдерди пайдаланууга; 5) бузук розеткаларды, рубилниктерди жана башка электр орнотмолорун пайдаланууга; 6) электр лампаларын жана жарык бергичтерди кагаз, кездеме жана башка күйүүчү материалдар менен ороого, ошондой эле жарык бергичтин конструкциясында каралган калпакчалары (жарык чачыраткычтары) жок жарык бергичтерди колдонууга; 7) ысыктан коргой турган жасалгасы жок, ошондой эле конструкцияда каралган ысыкты жөнгө салгычтары жок же бузулуп калган электр үтүктөрүн, электр плиткаларын, электр чайнектерин жана башка электр менен жылыган приборлорду пайдаланууга; 8) стандарт эмес (колго жасалган) электр жылыткыч приборлорду колдонууга; 9) даярдаган заводдун инструкциясына ылайык сутка бою иштей турган электр приборлорунан башка электр менен жылый турган приборлорду, ошондой эле тиричилик электр приборлорун, анын ичинде күтүү режиминде турган приборлорду сайылган бойдон кароосуз калтырууга; 10) электр жабдуулары орнотулган тактага күйүүчү (анын ичинде тез тутанган) заттар менен материалдарды жайгаштырууга; 11) ушул Эрежелердин 2-тиркемесинде берилгендей химиялык заттар менен материалдарды сактоо боюнча талаптарды бузууга; 12) авариялык, курулуш-монтаж жана реставрация иштерин жүргүзгөн учурда электр узарткычтарды, өзүнүн мүнөздөмөлөрү боюнча электр приборлорун сайуу үчүн жасалбаган узарткычтарды, тор чыпкаларын убактылуу электр зымдарын пайдаланууга. Заттар менен материалдардын өрт-жарылуу жана өрт коркунучунун көрсөткүчтөрү "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталат. 30. Баардык коргоо объектилеринде өрт чыккан жана өзгөчө кырдаалдарда адамдарды жана материалдык байлыктарды эвакуациялоонун ар бир кабат боюнча ушул Эрежелердин 4-тиркемесинде келтирилген мисалдарга ылайык пландары илинип коюлууга тийиш. Эвакуация пландарында негизги жана авариялык эшиктер, ошондой эле өрт өчүрүүнүн жана байланыштын баштапкы каражаттары жайгашкан жерлер белгиленип коюлат. Эвакуациялоо пландарынын шарттуу белгилери ушул Эрежелердин 4- тиркемесинде келтирилген. 31. Эвакуациялык эшиктердин каалгаларынын бекиткичтери ичинен ачкычсыз оңой ачуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Коргоо объектисинде өрт чыккан уюмдун жетекчиси өрттү өчүрүү жана авариялыккуткаруу иштерин жүргүзүү максатында өрт өчүрүүчүлөрдүн жабык жайларга киришин камсыз кылып берет. 32. Эвакуациялык жолдорду, эвакуациялык жана авариялык эшиктерди колдонууда төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) эвакуация жолдоруна босоголорду (эшиктердин босоголорун кошпогондо), анык эшиктерге окшошкон жалган эшиктерди коюуга, жылдырма жана көтөрүлүп-түшмө эшиктерди жана дарбазаларды,

айланма эшиктерди жана турникеттерди, ошондой эле элди эркин эвакуациялоого тоскоол болгон башка жасалгаларды орнотууга, түшө турган тепкичтердин жанына күзгүлөрдү жана кондиционерлердин тышкы блокторун орнотууга; 2) эвакуациялык жолдорду жана эшиктерди (анын ичинде өткөөлдөрдү, далистерди, коридорлорду, тамбурларды, галереяларды, лифт аянтчаларын, тепкичтер жайгашкан аянтчаларды, тепкичтердин тегерегин, эшиктерди, эвакуациялык люктарды) ар түрдүү материалдар, буюмдар, жабдуулар, өндүрүштүк таштандылар, калдыктар ж.б. көр-жерлер менен тосууга, ошондой эле эвакуациялык эшиктерге кулпу салууга жана мык кагып, биротоло бекитип салууга; 3) чыга бериштеги тамбурларга (квартиралар жана жеке турак үйлөрдү кошпогондо) кир жайгычтарды жана кийим илгичтерди, гардеробдорду жасап алууга, ошондой эле шаймандар менен материалдарды сактоого (анын ичинде убактылуу); 4) тепкичтер жайгашкан аянтчалардын, далистердин, холлдордун жана тамбурлардын өзү жабылган эшиктеринин бекип калышына, ошондой эле эвакуация жолундагы өрттүн коркунучтуу факторлорунун жайылышына тоскоол болгон эшиктерди чыгарып салууга; 5) армирленген айнекти эшиктердин жана фрамуктардын кадимки эле айнектерине алмаштырууга; 6) лифт аянтчаларына кампачаларды, киосторду, ларекторду жана башка ушул өңдүү нерселерди жайгаштырууга; 7) балкондор менен лоджиялардагы эшиктерди, люктарды, тышкы эвакуациялык тепкичтерди, сыртка чыккан жердеги жанаша секциялардын өткөөлдөрүн эмерек жабдуулар жана башка буюмдар менен тосуп салууга, балкондордун ортосундагы тепкичтерди алып салууга, квартиралардын балкондору менен лоджияларындагы люктарды ширетип салууга; 8) түтүн кирбей турган тепкич аянтчаларына алып келүүчү балкондорду, лоджияларды жана галереяларды айнектеп салууга; 9) тепкичтердин аянтчаларына жана кабаттардын далистерине кампачаларды жана башка көмөкчү жайларды салууга, ошондой эле тепкичтердин астына жана тепкичтердин аянтчаларына буюмдарды, эмеректи ж.б. күйүүчү материалдарды сактоого, тез от алган жана күйүп кетүүчү суюктуктар менен, электр зымдарын жана кабелдерди (далистерди жана тепкичтердин аянтчаларын жарык кылуучу электр зымдарын кошпогондо) өнөр жайлык газ түтүктөрүнө жана буу түтүктөрүнө трубопроводдор аркылуу өткөрүүгө; 10) куткаруучу жасалгалар бекитилген жерлердеги өткөөлдөрдү тосуп жана жаап салууга. 33. Эгерде, бул алардын милдети менен шартталса же колдонуу боюнча инструкциянын талаптарында каралса, жумуш убактысы бүткөндөн кийин өрткө каршы коргонуу системасын, кезметтик жарыкты, ошондой эле башка электр орнотмолорунан жана электротехникалык приборлордон башка кезметчи отурбаган имарат-жайдагы электр орнотмолорун жана тиричилик электр приборлорун иштеген бойдон калтырууга тыюу салынат. 34. Эвакуациялык эшиктерде же тикеден тике тышка чыга турган эшиктерде жана далистерде, тепкичтер жайгашкан аянтчаларда өрт учурунда авариялык жарык берүү системасына туташтырылган "ЧЫГУУ" деген эскерткич жазуу коюлууга тийиш. 35. Чатырдагы жыгач конструкциялар өрттөн коргой турган состав менен иштетилүүгө тийиш. Өрттөн коргоочу иштетүүнүн сапаты жыл сайын текшерилип турууга жана зарылчылыгы болсо жаңыртылууга тийиш. 36. Чатырлардын, техникалык кабаттардын, подвалдардын, электр такталардын жана желдеткич камералардын эшиктери кулпуланып жабылууга тийиш. Кулпунун ачкычы каалаган убакта алууга мүмкүн болгон белгилүү бир жерде (жогорку кабаттагы квартира, комендант, күзөткана) сакталууга тийиш. Чатырлардын жана подвалдардын, техникалык кабаттардын эшиктерине ачкычтардын сакталган орду жөнүндө жазып коюу керек. Чатырлардын секцияларынын ортосундагы эшиктер, ошондой эле өрткө каршы дубалдардын (өткөөлдөрдүн) эшиктери дайыма жабык болууга тийиш. 37. Дубалды беттөөчү материалдар күйө турган заттардан жасалышына (күйүүчү плѐнка материалдарын чаптоо) тыюу салынат, алар ошондой эле жалпы далистердин, тепкич жайгашкан аянттардын, вестибюлдардын, холлдордун жана фойелердин дубалдары менен шыптары күйгөн учурда уулуу заттарды бөлүп чыгара турган күйө турган жасалгалоочу материалдардан болбошу керек, ошондой эле вестибюлдардын тепкич салынган аянтчаларынын жана лифттердин холдорунун полдору

да күйүүчү материалдардан жасалбоого тийиш. Эвакуация жолдорундагы (далистер, фойелер, вестибюлдар, холлдор) көрүүчүлөр кирген, көргөзмө, экспозиция, окуу залдары жана эл көп келген башка жайлардын полдору капталган материал полго чыкпагандай бекем бекитилүүгө тийиш. Синтетикалык күйүп кетүүчү материалдардан жасалган килемдерди жана жол килемчелерин колдонууга тыюу салынат. 38. Өрт учурунда адамдарды эвакуациялоо үчүн көтөргүчтөрдү жана лифттерди пайдаланууга тыюу салынат. "Өрт өчүрүүчүлөрдү ташуу" деген режимде иштей турган лифттерди уюмдардын пайдалануусунун тартиби уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү инструкция менен жөнгө салынат. Мындай инструкциялар тикеден тике лифттин кабинасын башкара турган органдарда илинип коюлууга тийиш. Уюмдун жетекчиси калктын жардамга муктаж топтору жана башка жарандары үчүн коопсуз зона катары пайдалана турган лифттердин холлдорунун түтөбөй тургандыгын камсыз кылат, бул ишке өрткө каршы тосмолорду (өткөөлдөрдү) жана алардын оюктарын жаап койгон жерлерди, өрт посту жайгашкан жекече коргоо жана байланыштын тийиштүү каражаттарын, ошондой эле мындай зонанын багытын көрсөткөн өрт коопсуздугунун белгилерин оң абалда сактоо жолу менен жетишилет. 39. Эл массалык түрдө чогулган коргоо объектилеринде, мектептерде жана мектепке чейинки билим берүүчү мекемелерде, улгайган адамдар жана саламаттыгы начарлаган адамдар жашаган үйлөрдө, стационардуу дарылоо жана саламаттыкты чыңдоо мекемелеринде терезелерге металл торчолорду орнотууга тыюу салынат. 40. Өрткө каршы дубалдардын жана тосмолордун оюктары жалын жана өрттөн чыккан продуктыларды жайылтпай турган коргоочу жасалгалар (өрткө каршы каалгалар, суу тосмолору, жабылмалар, шиберлер, түтүнгө каршы жасалгалар) менен жабдылууга тийиш, алар дайыма ишке жарактуу абалда болууга тийиш. Ар түрдүү коммуникациялар өрткө каршы тосмолор аркылуу өткөрүлгөн учурда алардын жана тосмолордун конструкцияларынын (бүткүл калыңдыгына) ортосундагы ачык күйбөй турган материал менен жылчыксыз бекитилүүгө тийиш. 41. Тез тутануучу жана күйүүчү суюктуктар менен газдар колдонулган цехтерде жана лабораторияларда борборлоштуруп ташуу жана аларды жумуш орундарына таратуу каралуусу зарыл. Башка баардык учурларда тез тутануучу жана күйүүчү суюктуктарды ташуу үчүн атайын конструкциядагы коопсуз идишти колдонуу зарыл. Цехтердеги сактоочу жайлар үчүн бир жолку сактоодогу тез тутануучу жана күйүүчү суюктуктардын максималдуу жол берилүүчү саны нормативдик түрдө аныкталууга тийиш. Жумуш орундарында сменалык керектөөдөн ашпаган сандагы материалдар (колдонууга даяр түрүндөгү) сакталат. Анда идиштер бекем жабылууга тийиш. 42. Өндүрүш жайлары жана алардын жабдуулары мезгил-мезгили менен чаңдан жана башка күйүүчү калдыктардан тазаланып турууга тийиш. Калдык нерселер чаң түрүндө көп чыга турган жерде алардын өрт коопсуздугунун көрсөткүчтөрү аныкталууга тийиш. 43. Иштеген кызматкерлердин атайын кийими өзүнчө жайда сакталат. Ар бир бөлүмчө үчүн (өндүрүштүк операция) коргоо объектисинин администрациясы тарабынан май болгон кийимди таза кийимге алмаштыруу тартиби орнотулууга тийиш. Атайын кийимдин чөнтөктөрүндө май чүпүрөктөрдү жана аарчыгычтарды калтырууга тыюу салынат. 44. Бут кийимди имараттын ичинде кургатууга, ошондой эле кандайдыр бир күйүп кетүүчү материалдарды трубопроводдордун, жылытуу аппараттарынын жана приборлорунун үстүнө жаюуга тыюу салынат. Кийимдерди, бут кийимдерди кургатуу үчүн атайын жайды кароо зарыл. 45. Имарат-жайдын ичиндеги трубопроводдордун үстүңкү ысыган бетин материалдар тутанып кетпегендей, жарылууга коркунучтуу аралашма жарылып кетпегендей кылып күйбөй турган материалдар менен тосуп салуу керек. 46. Жарылуу коркунучу болгон жайларда жана орнотмолордо темир мык кагылган же такаланган бут кийимдер менен иштөөгө тыюу салынат. 47. Жарылууга коркунучтуу аралашмалардын пайда болушунун мүмкүнчүлүгү бар жайларда иштегенде урунган учурда учкун чыгарбаган металлдан жасалган аспапты колдонуу зарыл, ал эми кескен учурда аспапка консистенттик майды шыбоо керек. 48. Тетиктерди жууп жана майын кетире турган операцияларда өрт чыгарбай турган техникалык жуучу каражаттарды

колдонуу зарыл. 49. Тез от алуучу жана күйүүчү суюктуктар жана күйүүчү газдар сатылган, чыгарылган, кайра иштетилген жана сакталган объектилерде жардыргыч заттардын баардык түрлөрү чыгарылган объектилерде, өрт, жарылуу коркунучу жана өрт чыгуу коркунучу бар участкаларда тамеки чегүүгө тыюу салынат. Уюмдун жетекчиси мындай жерлерге өрт коопсуздугунун белгилерин коюп, "Тамеки чегүүгө жана от жагууга тыюу салынат" деп жазып коюуга тийиш. Атайын тамеки чеге турган жерлерге "Тамеки чегүүчү жер" деген белги илинет. § 4. Коргоо объектилерин жылытуудагы өрт коопсуздугу 50. От жагуучу сезон башталар алдында мештерди, буу казандарын, жылуулук генераторлорун, калорифердик орнотмолорду жана очокторду (каминдер), ошондой эле башка от жагуучу приборлор менен системаларды текшерүү жана оңдоо керек. Күйүүчү конструкциялардан өрткө каршы бөлүп турган (алыстатылган) жасалгасыз, өлчөмү 0,5х0,7 метрден кем болбогон күйбөй турган материалдан жасалып, от жага турган жерге төшөлө турган темирсиз (жыгач же күйө турган материалдардан жасалган полдо), ошондой эле бөлүп турган жери (алыстатылган) жана от жагыла турган төшөлгөсү күйүп же бузулуп калган учурда мешти жана от жагыла турган приборлорду колдонууга тыюу салынат. 51. От жагуучу сезон башталаар алдында, ошондой эле от жагуу сезонунун ичинде морлордун жана мештердин (от жагылуучу приборлорду кошо) көөсүн тазалоо зарыл. 52. Буу казандарын жана башка жылуулук берүүчү орнотмолорду пайдаланууда төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө инструкциядан өтпөгөн адамдарды иштетүүгө; 2) мунай продуктыларын жана жабдууларды колдонуунун техникалык шарттарында каралбаган башка тез тутануучу жана күйүүчү суюктуктарды отун катары пайдаланууга; 3) жылуулук бере турган системадан суюк отун тамчылаган (газ чыккан) жылуулук берүүчү орнотмону, ошондой эле от жагылган жердеги жана ичинде отуну бар сыйымдуулуктагы чоргодон суюк отун чыккан учурда мындай жылуулук берүүчү орнотмолорду пайдаланууга; 4) форсункалары же газ күйө турган жерлери бузулганда отунду берүүгө; 5) алдын ала үйлөтпөстөн орнотмону иштетүүгө; 6) даярдаган ишкана тарабынан каралган контролдоочу жана жөнгө салуучу приборлор бузук болгондо же өчүрүлгөндө аны иштетүү; 7) кандайдыр бир күйүүчү материалдарды буу казандарында жана буу өткөргүчтөрүндө кургатууга; 8) түтүн чыгуучу морунун көөсү тазаланбаган катуу отун жагылуучу буу казандарын колдонууга. 53. Меш аркылуу от жагып жылытууда төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) от күйүп жаткан мешти кароосуз калтырууга, ошондой эле көзөмөлдөөнү балдарга тапшырууга; 2) отунду, башка күйүүчү заттарды жана материалдарды төшөлгөн темирдин бетине калтырууга; 3) көмүрдү, коксту жана газды отундун бул түрлөрүнө ылайыкталбаган мешке жагууга; 4) желдеткич жана газ каналдарын мор катары пайдаланууга; 5) мешти ашыкча какшытууга. 54. Имарат-жайларда (турак үйлөрдү кошпогондо) мешке от жагуу иш бүтөрүнө 2 саат калгандан кечиктирилбестен, ал эми адамдар сутка бою боло турган ооруканаларда жана башка коргоо объектилеринде оорулуулар уктарына 2 саат калганда токтотулууга тийиш. Мештен чыккан күл менен шлак суу куюп өчүрүлүп, атайын бөлүнгөн жерге төгүлүүгө тийиш. 55. Товарлар, текчелер, витриналар, прилавкалар, шкафтар жана башка жабдуулар мештен 0,7 метрден жакын эмес жерге, ал эми мештин оозунан 1,25 метрден кем эмес жерге жайгаштырылат. Металл мештерди колдонгон учурда жабдуулар мештен 2 метрден кем эмес аралыкка жайгаштырылууга тийиш. 56. Уюмдун жетекчиси түтүн чыккан морлордун жана дубалдын түтүн өткөн беттерин актатат. 57. Жылуулук өткөрүүчү аппараттарды колдонууда төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) жылуулук өткөн жерлерден жылчык чыккан аппаратта жана анын ачып-жаап турган клапаны бузук болгондо, форсунканын корпусунун жылуулукту айдоочу аппарат менен кошулган жерлеринен жылчык чыкканда, морлору, электр кыймылдаткычтары жана коргой турган аппараттары бузук болгондо, ошондой эле электр кыймылдаткычынын ысыктан коргоочусу болбогондо жана башка бузуктарда иштөөгө; 2) отун куюлган бактары ачык аппаратта иштөөгө; 3) жөнгө салынбаган форсунка менен (отунду берүүсү бузулган) иштегенде; 4) аппараттын жана отун куюлган бактардын жанына күйгүчтүгү Г3-Г4 тобундагы материалдан тосмо

коюуга. Материалдардын күйгүчтүк тобунун классификациясы, "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, жана тиешелүү курулуш ченемдер жана эрежелер менен аныкталат; 5) отун өткөн түтүктөрдү ачык жалын менен жылытууга; 6) жумушчу аралашманы карай турган тешикче аркылуу тамызууга; 7) жылуулукту айдаган аппарат иштеп жатканда шамдардын электроддорунун ортосундагы жылчыкты жөнгө салууга; 8) аба тарткан коллекторлордун коргоочу торчосу болбогондо жана бузулганда жылуулук айдоочу аппаратты иштетүүгө; 9) жылуулук айдоочу аппарат иштеп жатканда кароосуз калтырууга; 10) жылуулук айдоочу аппараттарды пайдалануу шартын бузууга, аларды бул максат үчүн ыңгайлашпаган жайга (жерге) жайгаштырууга. 58. Белги бергичи жана желдеткичи иштебеген учурда жылытуучу элементтерге электр кубатын берүүнү токтоткон бекиткичи жана электрика менен жылуулук коргоосу тарабынан каралган чыгып турган абанын температурасын башкарган автоматикасы оң абалда гана электр калориферлерди колдонууга жол берилет. 59. Калориферлерди пайдаланууда төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) белги бергичин жана бөгөт койгучун өчүрүүгө; 2) электр калориферинин корпусу менен вентилятордун ортосундагы жумшак кыпчыткы үчүн күйүүчү материалдарды колдонууга; 3) электр калориферинен чыккан абаны аны даярдаган завод жол бергендегиден ашкан температурага жогорулатууга; 4) желдеткич иштебей калганда электр калориферин иштетүүгө (бөгөлүп калганын орнотмону иштетер алдында ар жолу текшерип туруу керек); 5) кийим-кечекти же башка күйүүчү материалдарды электр калориферинде же ага жакын жерде кургатууга. § 5. Коргоо объектилерин желдеткич системаларынын өрт коопсуздугу 60. Отту кармоочу жасалгалар (заслонкалар, шиберлер, клапандар), өрттү билгизе турган же өрт өчүрүүчү автоматтык жасалгалары бар желдеткич системаларын бөгөй турган жасалгалар, өрт чыкканда желдеткичти өчүрө турган автоматтык жасалгалар техникалык документтерде белгиленген мөөнөттө текшерилип турууга жана оң абалында болууга тийиш. Жылдыргычтарды иштете турган сезгич элементтер (жеңил калкыма кулпулар, күйө турган жеңил кыстырмалар, ысыкты сезген элементтер) ысык чаңдан топтолгон ыштан өз учурунда тазаланып турууга тийиш. 61. Желдеткич камераларга кандайдыр бир жабдууларды жана материалдарды сактоого тыюу салынат. Желдеткич камералар дайыма кулпуланууга тийиш. Желдеткич камераларга тиешеси жок адамдардын кирүүсүнө тыюу салынат. 62. Гидрочыпкалар, чаң соргон, чаң кармаган жана желдеткич системасынын башка жасалгалары бузулганда жарылуу, өрт коркунучу бар жайларда технологиялык жабдууларды иштетүүгө тыюу салынат. 63. Желдеткич жасалгалар ысык жана жарылуу коркунучу бар заттарды өткөргөн өндүрүштүк жайларда баардык металл аба өткөргүчтөр, трубопроводдор, чыпкалар жана абаны соргон жасалгалардын башка жабдуулары жер менен туташтырылууга тийиш. 64. Желдеткич камералар, циклондор, чыпкалар, аба өткөргүчтөр ысык чаңдан жана өндүрүш калдыктарынан тазаланууга тийиш. Желдеткич жабдууларды текшерүү, профилактикалык кароо жана тазалоо ишкананын же цехтин жетекчиси бекиткен график боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Карап чыгуунун натыйжасы милдеттүү түрдө атайын журналга түшүрүлөт. 65. Жарылуу коркунучу бар же ысык чаң өткөн аба соргучтарда мезгил-мезгили менен тазалап туруу үчүн жасалга (люктар чыгарыла турган бирикмелер) болууга тийиш. 66. Өрт коркунучу бар жайларды тейлей турган желдеткич орнотмолорду өрттө же аварияда аларды иштетип же өчүрүп туруу үчүн аралыктан башкарыла турган жасалгасы болууга тийиш, алар ар бир имарат-жай үчүн атайын шартталган талаптарга ылайык иштеп жана оң абалда болушу керек. 67. Аба өткөргүчтөрүн оттон коргоонун сапатын чейрек сайын бир жолудан кем эмес текшерип туруу жана оттон коргой турган каптоосу бузулган учурда аны калыбына келтирүү боюнча чара көрүү зарыл. 68. Желдеткич системаларды колдонууда төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) отту кармай турган жасалганы өчүрүүгө же чечип салууга; 2) желдеткич каналдарды мор катары пайдаланууга; 3) желдеткич каналдарга газ менен иштей турган жылытуучу приборлорду кошууга; 4) аба өтө турган түтүктөргө, зонтторго топтолгон май ж.б. күйүүчү катмарларды күйгүзүүгө. 69. Өрттүн тикеден тике же кыйыр себепчиси болгон бузуктар

байкалганда (желдеткичтин ашыкча иштеши, жумушчу дөңгөлөктөрдүн калактарынын кожухка урунуусу, подшипниктин ысып кетиши) желдеткичти дароо токтотуп жана аны бузугу толук оңдолгонго чейин иштетпөө керек. § 6. Коргоо объектилеринин электр орнотмолорунун өрт коопсуздугу 70. Баардык электр орнотмолор токтун кыска туташуусунан жана авариялык режимдерден коргой турган аппараттар менен жабдылууга тийиш. Сактагычтардын калкыма тетиги андагы номиналдык токтун клеймосунда көрсөтүү менен калибрленүүгө тийиш. 71. Өрт жагынан коркунуч келтирген өтмө каршылык көрсөтүүгө жол бербөө максатында зымдар менен кабелдердин кылчаларын бириктирүү, учун бекитүү жана тарамдоо кыстыруунун, ширетүүнүн, каңдоонун же атайын кыскычтардын жардамы менен жүрөт. 72. Убактылуу электр тармагын түзүүгө жана пайдаланууга тыюу салынат. Убактылуу иллюминациялык орнотмолорго, ошондой эле курулуш жана убактылуу оңдоокуроо иштери жүргүзүлүп жаткан жерге ток берген электр зымдарына эрежеден четтөө катары уруксат берилет. Убактылуу электр тармагынын чыңалуусу 36 вольттон, ал эми өзгөчө коркунучтуу жерлерде (өзгөчө ным участкалар, кудуктар, металл резервуарлар, буу казандар) 12 вольттон ашпоого тийиш. 73. Курулуш аянтындагы убактылуу электр өткөргүчү изоляцияланган зымдан жасалууга, троско илинүүгө тийиш жана жумуш ордунан 2,5 метрден кем эмес, өткөөлдөрдүн үстүнөн 3 метр жана өтмөктөрдүн үстүнөн 6 метр бийиктикте ишенимдүү бекем мамыларга орнотулат. 74. Курулуш аянтынын аймагындагы жарык бере турган прожекторлор өзүнчө мамыларга орнотулат. Аймакка (курулуш аянтчасына) жарык берүү үчүн пайдаланылган прожекторлорду электр менен жабдуу өзүнчө тармак аркылуу ишке ашырылууга тийиш. Прожекторлорду күйүүчү материалдардан жасалган чатырларга жана полимер жылуулагычтары бар имараттарга орнотууга тыюу салынат. 75. Көчмө жарык бергичтер коргой турган айнек калпакчалар жана торчолор менен жабдылат. Мындай жарык бергичтер жана башка көчмө электр аппаратурасы үчүн мүмкүн болгон механикалык таасирди эске алуу менен бул максатта атайын арналган жез кылчалуу зымдар жана ийкемдүү кабелдер колдонулат. 76. Аба менен өткөн электр берүү линиялары жана тышкы электр зымдары үйлөрдүн, бастырмалардын үстүнөн курулуш шатыларынын штабелдери аркылуу, ачык кампалардын жана башка күйүүчү материалдардын үстүнөн өтүшүнө, ошондой эле электр зымдарын жана кабелдерин өрткө каршы дубалдар, кампа, өндүрүштүк жана башка маанидеги имарат-жайлар аркылуу өткөрүүгө тыюу салынат. 77. Аба менен өткөн электр берүү линиялары өрт коркунучу бар өндүрүштүк жана кампа имараттарынан, курулуштарынан, орнотмолорунан, бастырмаларынан жана күйүүчү материалдар штабелдеринен бир жарым эседен кем эмес бийиктиктеги мамылар аркылуу өтүүгө тийиш. 78. Өндүрүштүк кампа жана соода жайларында жана күйүүчү материалдар (кагаз, резина ж.б.), бар жерде, ошондой эле күйө турган кутучада буюмдар бар жерде электр жарык бергичтери күйбөй турган материалдардан жабык же корголгондой кылып жасалууга тийиш. 79. Жарык бере турган электр тармагын орноткон учурда жарык бергичтер күйө турган конструкциялардан жана күйүүчү материалдардан 0,5тен кем эмес аралыкта жайгаштырылууга тийиш. 80. Электр тармактарын жана электр приборлорун пайдаланууда төмөнкүлөргө тыюу салынат: 1) изоляциясы бузулгандыгы көрүнүп турган электр зымдарын жана кабелдерин пайдаланууга; 2) бузугу бар розеткаларды, токту өткөргүчтөрдү, башка электр жасалгаларын пайдаланууга; 3) электр лампаларын жана жарык бергичтерди кагаз, кездеме жана башка күйүүчү материалдар менен ороп-чулгоого, ошондой эле жарык бергичтин конструкциясында каралган калпакчалары (нур чачыраткычтары) жок жарык бергичтерди пайдаланууга; 4) ысыктан коргой турган жасалгасы жок, ошондой эле конструкцияда каралган ысыкты жөнгө салгычтары жок же бузулуп калган электр үтүктөрүн, электр плиткаларын, электр чайнектерин жана башка электр менен жылыган приборлорду пайдаланууга; 5) стандарт эмес (колго жасалган) электр жылыткыч приборлорун колдонууга; 6) даярдаган заводдун инструкциясына ылайык сутка бою иштей турган электр приборлорун кошпогондо электр менен жылый турган приборлорду, ошондой эле башка тиричилик электр приборлорун, анын ичинде

күтүү режиминде турган приборлорду сайылган бойдон кароосуз калтырууга; 7) электр жабдуулары орнотулган тактага күйүүчү (анын ичинде тез тутанган) заттар менен материалдарды жайгаштырууга; 8) авариялык жана башка курулуш-куроо жана реставрация иштерин жүргүзгөн учурда узарткычтарды, өзүнүн мүнөздөмөлөрү боюнча электр приборлорун саюу үчүн жасалбаган узарткычтарды, тор чыпкаларды, убактылуу электр зымдарын пайдаланууга. 81. Авариялык жана эвакуациялык жарык берүүчү шамдар көз каранды эмес ток алуу булагына кошулууга тийиш. Имарат-жайлардагы эвакуациялык жарык берүү, анын ток берүүчү булактары оң абалда болууга тийиш. 82. Электр кыймылдаткычтары дайыма майланып жана ысык чаңдан тазаланып турууга тийиш. Электр кыймылдаткычтарын кандайдыр бир материалдар менен жабууга тыюу салынат. 83. Иштин шарты боюнча кадыресе учкун чыгарган бөлүктөрү менен электр машиналары күйүүчү заттар жана материалдар жайгаштырылган жерден 1 метр аралыкта жайгаштырылууга же алардан күйбөй турган экран менен тосулуп коюлууга тийиш. 84. Орнотулуучу электр арматурасы (розеткалар, коробкалар) күйбөй турган тыгыздоочулар менен изоляцияланууга тийиш. 85. Жумуш бүткөндөн кийин электр тармактары, электр жабдуулары жана башка электрди керектөөчүлөр, анын ичинде тиричилик жайлары жана мобилдик (инвентардык) имараттар токтон ажыратылууга тийиш; электр энергиясын өчүрүү борборлоштурулууга тийиш. 86. Электр зымдарын жана кабелдерди, анын ичинде убактылууларын (полимер жылуулаткычы бар металл панелдер боюнча болот түтүктөр аркылуу өтө тургандарды кошпогондо) өткөрүүгө, ошондой эле электр аппараттарын, щиттерди жана башкаларды көрсөтүлгөн конструкцияларга бир метрден жакын жайгаштырууга тыюу салынат. Электр коммуникациялары менен конструкциялардын тосмолору кесилишкен жерде күйбөй турган материалдар менен жыш оролгон металл гильзалар болууга тийиш. 87. Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен аныкталган ар кандай класстагы өрт коркунучу бар зоналар болгон жердеги кампа жайлар тосуп турган электр орнотмолорунда имараттын ичиндеги өчүрүп туруучу аппараттардын болгондугуна карабастан, тыштан күч жана жарык берүүчү тарамдарды өчүрүү үчүн аппараттар коюлууга тийиш, өчүрүүчү аппараттар күйбөй турган материалдан жасалган тосмо конструкцияны пломбулоо үчүн ыңгайлашкан күйбөй турган материалдан жасаган ящиктин ичине, ал эми ал жок болсо өзүнчө турган күйбөй турган мамыга орнотулушу керек. 88. Күйө турган негиз боюнча зымдарды ачык же жабык түрүндө өткөргөндө калыңдыгы 3 миллиметрден кем эмес жалпак асбест (же калыңдыгы 10 миллиметрден кем эмес шыбак) төшөө зарыл, ал зымдан же түтүктөн эки тарабына 10 миллиметрден кем эмес чыгып турууга тийиш. 89. Жарылуу, өрт коркунучу бар имаратка кире бериш жердин үстүнө жайгашкан жарык бергичтин өчүргүчтөрү имараттын тышкы бетине орнотулууга тийиш, ал жаанчачын, чачыранды жетпегидей жерге же кадыресе оюкчанын ичине коюлат. 90. Жарылуу, өрт коркунучу бар жайларга, ошондой эле лабораториялык жел сормо шкафтардын ичине кадимки штепселдик ажыраткыч тетикти орнотууга тыюу салынат. 91. Электр зымдарынын салаңдап турушуна, алардын бири-бирине же имараттагы конструктивдүү элементтерге жана башка ар түрдүү нерселерге тийишип турууcуна тыюу салынат. 92. Муздаткычтарга (тиричилик муздаткычтарынан башка), өрт өчүрүүчү, белги берүүчү жана кезметтик жарык берүүчү автоматтык орнотмолорго ток жеткирүү үчүн кирме-бөлүштүрмө жасалгадан тартып электр энергиясын керектөөчүгө чейин өз алдынча электр тармагы каралууга тийиш. 93. Кийим үтүктөө үчүн атайын жай (орун) бөлүнүүгө тийиш. Колдонгондон кийин үтүктөрдү өрт коопсуздугуна жооптуу адамга кол койдуруп сактоого тапшырылышы керек. 94. Чакан имарат-жайларды жана майда соода ишканаларын (күркөлөр, павильондор, контейнерлер ж.б.) жылытуу үчүн колдонулуучу май менен жылыткан радиаторлордун жана жылуулук берүүчү электр панелдердин өзүнчө электрден коргоосу жана оң иштеген жылуулукту жөнгө салгычтары болууга тийиш. 95. Электр менен жылый турган жана электр тиричилик приборлорун заводдо даярдалган штепселдик кошкучтун жардамы менен гана токко саюуга уруксат берилет.

Өрт коопсуздугу жөнүндө жобо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Өрт коопсуздугу жөнүндө

(КР 2003-жылдын 28-февралындагы N 47, 2005-жылдын 14-июнундагы N 76, 2009-жылдын 30-декабрындагы N 319, 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 15-апрелиндеги N 59, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

(Преамбула КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

## 1-глава
## Жалпы жоболор

1-статья. Өрт коопсуздугунун түшүнүгү

Кыргыз Республикасындагы өрт коопсуздугу тарбиялык, укуктук, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, илимий-техникалык мүнөздөрдөгү чаралардын, ошондой эле өрттү болтурбай коюуга жана өчүрүүгө багытталган күчтөрдүн жана каражаттардын жыйындысын түзөт.

2-статья. Өрт коопсуздугунун укуктук негизи

Өрт коопсуздугу системасынын укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам жана өрт коопсуздугу жагындагы мамилелерди жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары түзөт.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

3-статья. Өрт коопсуздугунун кызматтары

Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугунун кызматтары:

1) өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан;

1-1) өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан;

2) ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ведомстволук өрттөн сактоо кызматтарынан;

3) ыктыярдуу өрттөн сактоо түзүмдөрүнөн турат.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

4-статья. Өрт коопсуздугунун системасын башкаруу

Өрт коопсуздугунун системасын башкаруу өз компетенцияларынын чегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү, өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын жетекчилери тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын аймагында өз ишин жүзөгө ашырып жаткан бардык юридикалык жана жеке жактар тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү өрт коопсуздугу жаатындагы эрежелер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

5-статья. Өрт коопсуздугунун сакталышына мамлекеттик өрт көзөмөлү

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жеке жана юридикалык жактардын өрт коопсуздугун сактоосуна мамлекеттик өрт көзөмөлүн өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүзөгө ашырат.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

6-статья. Өрт коопсуздугу кызматынын негизги милдеттери

Өрт коопсуздугу кызматынын негизги милдеттери болуп:

1) өрттүн жана өрт учурунда адамдар кабылуучу кырсыктардын алдын алуу;

2) калктуу конуштарда жана чарба жүргүзүү объекттеринде өрттөрдү өчүрүү, кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү, авариялардын жана табигый кырсыктардын залалдарын жоюуга катышуу;

3) өрт коопсуздугу жагындагы илим-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди жүзөгө ашыруу;

4) өрт коопсуздугу кызматынын кызматчыларынын кесиптик даярдыктары эсептелет.

Ушул Мыйзамда өрт коопсуздугу кызматына жүктөлбөгөн милдеттерди аларга аткаруу үчүн тапшырууга тыюу салынат.

(КР 2005-жылдын 14-июнундагы N 76, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

7-статья. Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун милдеттери

Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун милдеттерине төмөндөгүлөр кирет:

1) өрт коопсуздугу боюнча бирдиктүү саясат жүргүзүү;

2) өрт коопсуздугу системасын түзүү жана башкаруу, анын негизги милдеттерин жана финансылоо булактарын аныктоо, анын укугун камсыз кылуу;

3) өрт коопсуздугу кызматынын ишмердигинин принциптерин, курамын, санын жана материалдык-техникалык жактан камсыз болуусун аныктоо;

4) ишканаларды, мекемелерди, уюмдарды жана элдүү пункттарды өрттөн сактоо жагындагы илимий изилдөөлөрдү координациялоо жана жүргүзүү;

5) өндүрүш маселесин чечүү жана өрткө каршы техника менен жабдууларды сатып алуу;

6) өрткө каршы жумуштарды аткарууга жана өрткө каршы техника менен жабдууларды чыгарууга адистешкен чакан ишканалардын жана ыктыярдуу өрттөн сактануу уюшмаларынын иштөөсү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү.

8-статья. Министрликтердин, административдик ведомстволордун, мекемелердин жана уюмдардын милдеттери

Министрликтер, административдик ведомстволор, мекемелер жана уюмдар өздөрүнүн компетенцияларына ылайык төмөндөгүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

1) өздөрүнө баш ийген ведомстволук объектилерде жана/же аймактарда өрт коопсуздугун уюштурууну, профилактикалоо жана техникалык чаралар боюнча маселелерди жүргүзүүнү жана аларга зарыл болгон финансылоону кароону;

2) өздөрүнө баш ийген ведомстволук объектилерде өрткө каршы коргонуу маселелери боюнча долбоорлоо жана илим-изилдөө иштерин жүргүзүүнү;

3) иштелип жаткан техникалык регламенттердин долбоорлору стандарттарга, техникалык шарттарга, паспортторго, эрежелерге, инструкцияларга жана башка документацияларга өрт коопсуздугунун талаптарын киргизүүнү жана долбоорлоону, курууну, ондоп конструкциялоону жана объектилерди пайдаланууда, ошондой эле буюмдарды, материалдарды, машиналарды, приборлорду, жабдууларды жана башка товарларды чыгарууда алардын аткарылышын контролго алууну жүзөгө ашырууну;

4) өрт коопсуздугунун чаралары боюнча адистерди даярдоону жана кайра даярдоону, жумушчуларды, кызматчыларды, студенттерди, окуучуларды окутууну;

5) өздөрүнө баш ийген ведомстволук ишканалардын жана мекемелердин ведомстволук өрттөн сактануу уюмдарын түзүүсүн жана финансылоосун, алардын материалдык-техникалык базасын бекемдөөгө жана өркүндөтүүгө катышуусун;

6) өрт коопсуздугунун маселелери боюнча ведомстволук инструкцияларды белгиленген тартипте иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

7) өздөрүнө баш ийген ведомстволук объектилерде чыккан өрттөрдү эсепке алууну жана талдоону, өрттүн чыгышына тике же кыйыр түрдө күнөөлүү жетекчилерге жана кызмат адамдарына карата тийиштүү чараларды көрүүнү.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-статья. Ишканалардын, мекемелердин жана башка уюмдардын жетекчилеринин жана кызмат адамдарынын милдеттери

Чарба субъектилеринин жетекчилери жана кызмат адамдары менчигинин түрлөрүнө карабастан өздөрүнүн компетенцияларына тиешелүү төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) объектилерде өрт коопсуздугун жана тийиштүү өрткө каршы режимди камсыз кылууга;

2) бардык технологиялык түйүндөрдүн жана өндүрүш-чарба ишмердигинин этаптарында өрт коопсуздугун камсыз кылуучу уюштуруу-штаттык курамды, кызматтык милдеттерди жана контроль системаларын түзүүгө;

3) объектилердин экономикалык жана социалдык өнүгүү пландарында өрт коопсуздугу боюнча уюштуруучу жана инженердик-техникалык иш-чараларды кароого, алардын аткарылышын камсыз кылууга;

4) объектилерди долбоорлоо, куруу, ондоп конструкциялоо жана пайдалануу учурунда өрт коопсуздугу боюнча нормативдик актылардын жана мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн кызмат адамдарынын мыйзамдуу талаптарын өз убагында жана толук аткарууну камсыз кылууга;

5) ыктыярдуу өрттөн сактоо уюшмаларын түзүү жолу менен өрттүн алдын алууда жана аны өчүрүүдө эмгек жамааттарынын катышуусун камсыз кылууга, жумушчуларды, инженердик-техникалык кызматкерлерди жана кызматчыларды өрт коопсуздугунун эрежелерине окутууну уюштурууга;

6) өрт коопсуздугунун эрежелерин бузуучуларга таасир көрсөтүү чараларын кабыл алууга;

7) өрттүн чыгышы боюнча изилдөө жүргүзүүгө жана анын чыгышынын себебин, шарттарын аныктап, аны жоюу үчүн зарыл чараларды кабыл алууга, өрттүн чыгышына күнөөлүүлөрдөн мыйзам белгилеген тартипте келтирилген материалдык зыянды өндүрүп алууга.

10-статья. Граждандардын милдеттери

Кыргыз Республикасынын граждандары өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоого, өрт чыккан (байкалган) учурда ал жөнүндө өрткө каршы мамлекеттик кызматка билдирүүгө, аны өчүрүүгө, адамдарды жана материалдык баалуулуктарды сактап калууга катышууга милдеттүү.

Бардык үй ээлери жана батир ээлери өрт коопсуздугу кызматынын кызмат адамдарына өндүрүштүк, турак жай жана көмөкчү жайлардын аймактарында өрттүн алдын алуу иштерин жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүп берүүгө милдеттүү.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

11-статья. Өрт коопсуздугу кызматын финансылоо

Өрт коопсуздугу кызматы финансыланат:

1) өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган — мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан, ошондой эле ыктыярдуу төлөмдөрдөн жана мыйзамдарда тыюу салынбаган башка каражаттардан;

1-1) өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган — мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан;

2) өрттөн сактоо ведомстволук кызматы — тийиштүү ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын каражаттарынан;

3) ыктыярдуу өрттөн сактоо уюшмалары — ыктыярдуу өрттөн сактоо коомдорунун, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын каражаттарынан.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

12-статья. Өрттү мамлекеттик эсепке алуу

Өрттү жана алардын кесепеттерин мамлекеттик эсепке алуу өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

## 2-глава
## Өрт коопсуздугунун талаптарынын сакталышына мамлекеттик өрт көзөмөлү жана мамлекеттик өрткө каршы алдын алуу

(Главанын аталышы КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

13-статья. Мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн органдары

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

14-статья. Мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн жана контролунун өрт коопсуздугуна негизги милдеттери

Кыргыз Республикасында Мамлекеттик өрт көзөмөлү төмөнкү негизги милдеттерди өзүнө камтыйт:

1) министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелердин, уюмдардын, ишканалардын, кызмат адамдарынын, жеке менчик ээлеринин жана жарандардын ушул Мыйзамдын, өрт коопсуздугу жаатындагы башка мыйзамдардын, техникалык регламенттердин, стандарттардын, ченемдердин жана эрежелердин талаптарын аткаруусун көзөмөлдөөнү жана контролдоону жүзөгө ашыруу;

2) чарба жүргүзүү объекттеринин жана калктуу конуштардын өрт коопсуздугунун абалы жөнүндө, жүргүзүлгөн көзөмөлдөө иш-чараларынын натыйжалары жөнүндө мамлекеттик органдарга жана калкка маалымдоо;

3) кызыкдар юридикалык жана жеке жактар менен биргеликте товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өрт коопсуздугун контролдоону жүзөгө ашыруу.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

14-1-статья. Мамлекеттик өрткө каршы алдын алуунун негизги милдеттери

Кыргыз Республикасында мамлекеттик өрткө каршы алдын алуу төмөнкү негизги милдеттерди өзүнө камтыйт:

1) өз алдынча же кызыкдар министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, мекемелер жана уюмдар менен биргеликте Кыргыз Республикасынын аймагында ишин жүзөгө ашыруучу бардык жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болгон өрт коопсуздугу жаатындагы стандарттардын, ченемдердин жана эрежелердин долбоорлорун иштеп чыгууну жүзөгө ашыруу;

2) өрт коопсуздугу жаатындагы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү координациялоо жана уюштуруу;

3) ведомстволук жана ыктыярдуу өрттөн сактоо бөлүмдөрүнө жана уюмдарына өрттүн алдын алуу иштерин жана күжүрмөн даярдыкты уюштурууда жардам көрсөтүү;

4) жеке жана юридикалык жактар расмий кайрылганда өрткө каршы ченемдөөнү жүргүзүү, тиешелүү мыйзамдарга, техникалык регламенттерге, стандарттарга, ченемдерге жана эрежелерге ылайыктуулугу жөнүндө корутунду берүү менен, объекттерди куруунун, реконструкциялоонун жана арналышын өзгөртүүнүн долбоордук документтерин макулдашуу;

5) жеке жана юридикалык жактар расмий кайрылганда материалдарга, түзүлүштөргө, агрегаттарга, жабдууларга, өрткө каршы автоматтык системаларга, курулуп, реконструкцияланып, арналышы өзгөртүлүп жаткан имараттардын жана курулмалардын, эксплуатацияланып жаткан имараттардын жана курулмалардын долбоордук документтерине тиешелүү мыйзамдардын, техникалык регламенттердин, стандарттардын

талаптарына, өрт коопсуздугунун ченемдерине жана эрежелерине ылайыктуулугу жөнүндө корутунду берүү;

6) өрт чыкканда жайларды, имараттарды, курулмаларды, түзүлүштөрдү жана агрегаттарды өрттөн жана өрт продуктуларынан автоматтык коргоо каражаттарын жана системаларын ишке киргизүү боюнча иштерди жүргүзүү;

7) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мекемелер, уюмдар жана ишканалар менен биргеликте өрт өчүрүүгө жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүгө катышуу үчүн алардын күчтөрүн жана каражаттарын тартуунун тартибин иштеп чыгуу;

8) өрттүн алдын алуу жана өчүрүү жаатында региондорду, аймактарды, тармактарды жана ишканаларды комплекстүү өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын иштеп чыгууга катышуу;

9) адамдардын өмүрүн жана ден-соолугун, Кыргыз Республикасынын аймагындагы калктуу конуштарды жана материалдык баалуулуктарды коргоо максатында өрттүн алдын алууну уюштуруу.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

15-статья. Мамлекеттик өрт көзөмөлүн жүргүзүүчү өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары

Мамлекеттик өрт көзөмөлүн жүргүзүүчү кызмат адамдары болуп саналган өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлеринин жана подразделениелеринин тизмеси, ошондой эле аларга жүктөлгөн функциялардын аткарылышынын тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен мамлекеттик өрт көзөмөлү жөнүндөгү жободо аныкталат.

(КР 2005-жылдын 14-июнундагы N 76, 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

16-статья. Мамлекеттик өрт көзөмөлүн жүзөгө ашыруучу өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдарынын укуктары

**Кыргыз Республикасынын өрт көзөмөлү боюнча башкы мамлекеттик инспектору, анын орун басарлары жана өрт көзөмөлү боюнча мамлекеттик улук инспекторлор укуктуу:**

1) өрт чыгуу коркунучуна түз алып келүүчү шарт түзүлүп, стандарттар, нормалар жана өрт коопсуздугунун эрежелери бузулганда ишканалардын, уюмдардын иштөөсүнө, ошондой эле курулуш нормаларынын жана эрежелеринин өрткө каршы талаптарынан четтеген объекттердин курулушуна, кеңейтилүүсүнө, оңдоп конструкциялануусуна жана техникалык жактан кайра жабдылуусуна тыюу салууга же токтото турууга;

2) (КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

Өрт көзөмөлү боюнча башкы, улук жана мамлекеттик инспекторлор стандарттарды, нормаларды жана өрт коопсуздугунун эрежелерин бузгандарга колдонуудагы административдик мыйзамдарга ылайык тийиштүү эскертүү же штраф түрүндөгү административдик жазаларды берүүгө акылуу.

Өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бардык кызмат адамдары укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын турак жай фондуна тиешелүү объекттерди кошпогондо, объекттердин ведомстволук таандыктуулугуна жана менчигинин түрүнө карабастан, алардын өрт коопсуздугун текшерүүгө, анын натыйжалары боюнча ушул Мыйзамдын, тиешелүү техникалык регламенттердин, өрт коопсуздугунун ченемдеринин жана эрежелеринин талаптарын аткарууга эскертүүлөрдү, жазма буйруктарды берүүгө;

2) министрликтерден, административдик ведомстволордон, мекемелерден, уюмдардан жана ишканалардан объектилердин жана чыгарылган продукциялардын өрт коопсуздугу боюнча абалын мүнөздөгөн, ошондой эле чыккан өрт жана анын кесепеттери жөнүндө маалыматтарды жана документтерди талап кылууга;

3) (КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

4) объектилерде өрт коопсуздугунун маселелери боюнча адистердин билимине, окуу жайларындагы өрт ишинин негиздерин окутуунун сапатына текшерүү жүргүзүүгө;

5) (КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

6) объектилердеги өрткө каршы коргонуу каражаттарынын абалын, ошондой эле ведомстволук өрттөн коргоо курамдарынын жана ишканалардын өрттөн сактануучу ыктыярдуу уюшмаларынын ишке жарамдуулугун текшерүүгө;

7) Кыргыз Республикасынын аймагында орун алып жана ишмердигин жүргүзүп жаткан бардык жеке жана юридикалык жактардын объектилериндеги өрт коопсуздугу боюнча стандарттарды жана техникалык шарттарды бузуу жолу менен иштеп жаткан жайларды, машиналарды, приборлорду, жабдууларды, жылуулукту генерациялоочу, энергияны сарп кылуучу жана башка жасалгаларды пайдаланууга тыюу салууга.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

16-1-статья. Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүзөгө ашыруучу өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдарынын укуктары

**Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) өрткө каршы иш-чараларды иштеп чыгуу үчүн, өрттүк-техникалык экспертиза жасоо үчүн, ал эми зарыл учурларда — өрт коопсуздугунун стандарттардын, ченемдеринин жана эрежелеринин аткарылышын контролдоо боюнча ишке катышуу үчүн илимий изилдөөчү жана долбоорлоочу уюмдардын адистерин, объекттердин инженердик-техникалык жана башка кызматкерлерин ишке тартууга;

2) техникалык регламенттерге, стандарттарга жана техникалык шарттарга киргизилүүчү өрт коопсуздугунун талаптарын макулдашууга;

3) өрт жана өрт коопсуздугунун эрежелерин бузганы жөнүндө иштер боюнча алгачкы текшерүүлөрдү, өрттүн себептерин белгиленген тартипте техникалык иликтөө иштерин жүргүзүүгө, алардын натыйжалары боюнча милдеттүү түрдө аткарылуучу чечимдерди кабыл алууга;

4) өрттү өчүрүү жана өзгөчө кырдалдардын кесепеттерин жоюу зоналарында транспорт каражаттарынын кыймылын жана жарандардын жеткиликтүүлүгүн чектөө боюнча чараларды көрүүгө.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

## 3-глава
## Өрт өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү боюнча жалпы жоболор

(Главанын аталышы КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

17-статья. Өрттү өчүрүүнүн жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүнүн жетекчиси

Өрттү өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү боюнча иштерди өрткө келген өрт коопсуздугу кызматынын чоңу жетектейт. Өрт чыккан жерге өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын курамдары келген учурда анын чоңу өрттү өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү боюнча иштерге жетекчиликти өз колуна алат.

Өрттү өчүрүүнүн жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүнүн жетекчиси бардык иштерди жалгыз өзү башкарат, ага өрттү өчүрүүгө жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүгө келген бардык өрт коопсуздук кызматтарынын курамдары жана аларга баш ийген күчтөр баш ийишет. Кызмат адамдарынын эч кимиси өрттү өчүрүүгө жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүгө байланышкан өрттү өчүрүүнүн жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүгө жетекчисинин буйруктарына кийлигишүүгө, аны жокко чыгарууга акысы жок.

Өрттү өчүрүүнүн жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүнүн жетекчисинин буйруктары өрттү өчүрүүгө катышып жаткан бардык граждандар жана мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызмат адамдары тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

(КР 2005-жылдын 14-июнундагы N 76, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

18-статья. Өрттү өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү учурундагы өрт коопсуздугу кызматынын кызматкерлеринин укуктары

Өрт коопсуздугу кызматынын кызматкерлери өрт өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү мезгилинде өрттү өчүрүүнүн жетекчисинин буйругу боюнча төмөндөгүлөргө укуктуу;

1) күйгөн продуктылар жана оттун учкундары тараган жана таралышы мүмкүн болгон өндүрүш жана башка жайларга кирүүгө;

2) имараттардын жана курулмалардын конструктивдүү элементтерин түзгөн жана тосуп турган жабык эшиктерди сындырууга (ачууга);

3) өрттү өчүрүүгө жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүгө жолтоо болгон заттарды ордунан жылдырууга, адамдарды жана материалдык баалуулуктарды алып чыгып кетүүгө;

4) оттун жана күйүп жаткан продуктылардын таралышына коркунуч туулган имараттардан, жайлардан адамдарды жана материалдык баалуулуктарды чыгарып кетүү боюнча буйруктарды берүүгө;

5) материалдык-техникалык ресурстарды пайдаланууну жана өрттү өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү үчүн жумушчуларды жана кызматчыларды катыштыруусун ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилеринен талап кылууга.

Өрт өчүрүүдө жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүдө аскер кызматчыларын жана өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлерин уюштуруунун жана ишти

жүргүзүүнүн тартиби өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

(3-бөлүк КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

**Өрт коопсуздук кызматтарынын жеке курамы, өтө зарыл шарттарда иштөөчү өрт өчүрүүнүн жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүүнүн башка катышуучулары келтирилген зыяндын ордун толтуруудан бошотулат.**

(КР 2005-жылдын 14-июнундагы N 76, 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

19-статья. Өрт коопсуздугу кызматынын жана башка авариялык кызматтардын өрт өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү мезгилиндеги өз ара аракеттери

Өрт коопсуздугунун кызматы өз ара макулдашылган пландар боюнча Кыргыз Республикасындагы өрт жана авариялык кызматтардын бардык түрлөрүн алардын баш ийүүчүлүгүнө карабастан өрттү өчүрүү үчүн катыштырат.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

20-статья. Өзгөчө учурларда өрт өчүрүү

Өзгөчө учурларда, атап айтканда: токойлордогу, тоолордогу жана талаалардагы өрттү, улуттук коопсуздук, коргоо, ички иштер, жазык-аткаруу системасы, бажылык жөнгө салуу, мамлекеттик чек араны кайтаруу жана коргоо, токой жана аңчылык чарбасын өнүктүрүү, жер казынасын пайдалануу, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Кыргыз темир жолунун, Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан чет мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүктөрүнүн чөйрөлөрүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын объекттериндеги өрттү өчүрүү тартиби өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча тиешелүү министрликтердин, административдик ведомстволордун, мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери тарабынан аныкталат.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

## 4-глава
## Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү, ошондой эле өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин жана аскер кызматчыларынын социалдык-укуктук кепилдиктери

(Главанын аталышы КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

21-статья. Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлеринин укуктук абалы, кызмат өтөө тартиби жана социалдык кепилдиктери

Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү мамлекеттин коргоосунда болот. Аларга Кыргыз Республикасынын аскер кызматчылары үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген укуктар, социалдык кепилдиктер жайылтылат.

Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аскер кызматчыларынын кызмат өтөө тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тиешелүү жобо менен аныкталат.

Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аскер кызматчылары өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуга катышуу үчүн ишке тартылышы мүмкүн. Мында кызмат мөөнөтү бир күнү үч күнгө эсеп кылынат. Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аскер кызматчыларына жана кызматкерлерине өрт өчүрүүгө, ошондой эле эмгек шарты оор, зыяндуу жана өмүргө коркунуч келтирген иштер үчүн кошумча акы төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгиленген өлчөмдө жана тартипте жүргүзүлөт.

(КР 2005-жылдын 14-июнундагы N 76, 2009-жылдын 30-декабрындагы N 319, 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

21-1-статья. Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын каза болгон же майып болгон аскер кызматчылары жана кызматкерлери курман болгон же майып болгон учурда мамлекеттик камсыздандыруу жана зыяндын ордун толтуруу

Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, ошондой эле өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери жана аскер кызматчылары Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык милдеттүү мамлекеттик камсыздандырууга жатат.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

## 5-глава
## Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын камсыздандыруу уюмдары менен өз ара аракеттенүүсү

(Главанын аталышы КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

22-статья. Өрт коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын республикалык камсыздандыруу уюмдары менен өз ара аракеттери

Эгерде жетекчилердин жана башка кызмат адамдарынын карасанатайлыгынын жана шалакылыгынын натыйжасында, ошондой эле мыйзамдар же башка нормативдик актылар белгилеген өрт коопсуздугунун эрежелерин аткарбаганда же одоно бузган учурларда, республиканын камсыздандыруу уюмдары ведомстволук таандыгына жана менчигинин түрүнө карабастан ишканаларда, уюмдарда, мекемелерде чыккан өрттөр боюнча камсыздандыруу суммаларын (ордун толуктоочу камсыздандырууларды) толук же жарым-жартылай төлөп бербей коюуга акылуу.

Республиканын камсыздандыруу уюмдары өрт фактылары боюнча камсыздандыруу суммаларын (ордун толуктоочу камсыздандырууларды) өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү аймактык ыйгарым укуктуу органдын атайын корутундусу болгондо гана төлөп беришет.

Өрт фактылары боюнча корутундулар мүдөөлүү ведомстволорго, мекемелерге, уюмдарга жана граждандарга суранган (арыз берген) учурдан тартып 10 күндүн ичинде берилет.

Өрттү болтурбай коюуга арналган иш-чараларды финансылоо ыктыярдуу принцип боюнча өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы менен камсыздандыруу уюмдарынын ортосундагы эки тараптуу макулдашуунун негизинде камсыздандыруу уюмдары тарабынан жүргүзүлөт.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

## 6-глава
## Ведомстволук өрттөн сактануу уюмдары. Ыктыярдуу өрт өчүрүү уюшмалары

23-статья. Ведомстволук өрттөн сактануу уюмдары

Ведомстволук өрттөн сактануу уюмдары өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашкан мамлекеттик администрациялардын, министрликтердин, административдик ведомстволордун, уюмдардын жана мекемелердин демилгелери боюнча уюштурулат.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

24-статья. Ыктыярдуу өрт өчүрүү уюшмалары

Ыктыярдуу өрт өчүрүү уюшмалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен ыктыярдуу өрт өчүрүү уюшмалары жөнүндө Жобого ылайык уюштурулат жана иш жүргүзүшөт.

## 7-глава
## Өрт коопсуздугу жөнүндө Мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

25-статья. Өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик

Мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн кызматкерлери өрттүн алдын алуу жана берилген укуктарын пайдалануу боюнча өздөрүнө жүктөлгөн көзөмөл функцияларын туура эмес аткаргандыгы үчүн мыйзам белгилеген тартипте жоопкерчиликке тартылышат. Өрттүн алдын алуу, өчүрүү жана кырсыктан куткаруу иштерин жүргүзүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери алдын алууда аларга жүктөлгөн функцияларды жана милдеттерди талаптагыдай аткарбаганы үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

Менчиктин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан министрликтердин, административдик ведомстволордун, мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын объектилериндеги өрт коопсуздугун камсыз кылуу тиешелүү кызмат адамдарына жана юридикалык жактарга жүктөлөт, ал эми шаарлар жана элдүү пункттар боюнча жалпысынан — жергиликтүү бийликтин органдары жана башкармалары жоопкерчиликте болушат.

Турак жайлардагы, үйлөрдөгү, кароо-жайлардагы, дачалардагы жана бак ичиндеги үйлөрдөгү өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик квартирада жашоочуларга жана үй ээлерине жүктөлөт.

(КР 2017-жылдын 18-майындагы N 83 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

26-статья. Стандарттарды, нормаларды жана өрт коопсуздугунун эрежелерин бузгандык үчүн жоопкерчилик

Стандарттарды, нормаларды жана өрт коопсуздугунун эрежелерин бузган же аткарбай койгон күнөөлүү кызмат адамдары жана граждандар колдонуудагы мыйзамдарга ылайык дисциплинардык, административдик жана уголовный жоопкерчиликтерге тартылышы мүмкүн.

27-статья. Өрт келтирген зыяндын ордун толтуруу

Ишканалар, мекемелер, уюмдар жана граждандар өрт келтирген зыяндын ордун мыйзам белгилеген тартипте толтурууга милдеттүү.

Келтирилген зыяндын ордун толтурууга ишканаларды, мекемелерди жана уюмдарды мажбур кылган күнөкөр адамдар белгиленген тартипте материалдык жоопкерчиликке тартылышат.

28-статья. Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлеринин аракеттерине даттануу

Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлеринин аракеттери боюнча даттанууларды жана арыздарды өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн жетекчилери карайт жана алар боюнча чечим кабыл алат. Эгерде даттанган адам кабыл алынган чечимге канааттанбаган учурда, ал «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жогору турган ыйгарым укуктуу органга административдик (сотко чейинки) тартипте, ал эми андан ары — соттук тартипте кайрыла алат.

(КР 2011-жылдын 16-июнундагы N 49, 2017-жылдын 15-апрелиндеги N 59 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)